# 2026-ЖАҢЫ ЖЫЛЫҢЫЗДАР МЕНЕН!




Ош облустук коомдук-саясый гезити

www.oshinfo.kg

# Ош жаңырыгы

ГЕЗИТ 1938-ЖЫЛЫ 14-ОКТЯБРЫНДА НЕГИЗДЕЛГЕН: "КЫРГЫЗСТАН БОЛЬШЕВИГИ", "ЛЕНИН ЖОЛУ"

№39 [16996] ИШЕМБИ, 27/12/2025




## Амансыңбы жаңы жыл!

*Амансыңбы, жаңы жылым, аруу бол!*
*Сени тостум жетимиш жол, берчи кол!*
*Эми он эки ай насиптешсиң биз менен,*
*Ата-Журтка берерибиз болсун мол!*

*Кош бол, эми, энчилешим эски жыл!*
*Биз чечиштик ачуу-таттуу нечен сыр.*
*Арча бешик терметтирип чүрпөлүү,*
*Абийир болдуң атпай журттан чыкпай чыр.*

*Нускасын эски жылдын үзбөй улап,*
*Айрандай аппак болсун асманыбыз.*
*Эриш-аркак эмгектен ырыс чубап,*
*Каймактай таттуу болсун тапканыбыз.*

**Нинакан Жүндүбаева.**



Ош облустук коомдук-саясий гезити
Ош жаңырыгы

УЮШТУРУУЧУ:
Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлиги

Башкы редактор:
КАРАКОЗУЕВ Асанбек Курманбекович

Жооптуу катчы:
Канымжан Кыдыралиева

Нөөмөтчү
М.Жуманазаров

Гезит редакциянын компьютердик комплексинде терилип, жасалганды. "Принт Мастер" ЖЧКсынын басмаканасында басылды.
Бишкек шаары, Анкара көчөсү 1г
Көлөмү А3 - 2 басма табак
Тел: 0 (312) 53-00-00

Буюртма №: 1680
Нускасы: 2200

Реквизиттер:
Р/эсеп: 4407011102006594
Бик: 440701, КР ФМ Борбордук казынасы
ИНН: 02401202310360
ОКПО: 31708371, Ош шаары МСКБ 032

**Дареги:** 723500, Ош шаары, Курманжан датка көчөсү, 209-үй.

Жарыяланган макалалар редакциянын толук көз карашын билдирбейт. Жарыя-жарнамалардын текстине редакция жооп бербейт. Кол жазмалар кайтарылбайт.

Байланыш:
Кабылдама: 7–13–34
Жооптуу катчы: 7–10–02
Жарнак бөлүмү: 7–11–31
E-mail: oshjan@mail.ru

Гезитибиздин сайтына жогорудагы QR-код аркылуу кириңиз.

Гезитибиздин келе жаткан жаңы сандарына жазылууга жана жарнама кызматы үчүн жогорудагы QR-кодду колдонуңуз.
Терең урматтоо менен,
"Ош жаңырыгы" гезитинин редакциясы!

# ӨТКӨН ЖЫЛГА САРЕСЕП,

## Табалдиев Канат Касенович,

**Кара-Суу райондук мамлекеттик администрациясынын башчысы-аким**



-Быйыл Кара-Суу районунун 90 жылдыгына карата көптөгөн иш-чаралар белгиленген болчу. Анын алкагында 90 обьект ачуу пландалган. Мамлекеттин колдоосу жана райондун айыл аймактарынын, мекеме-уюмдарынын жана жалпы калайык-калктын аракети менен 90 эмес, 118 обьект ачылды.

Аманчылык болсо, үстүбүздөгү жылда жаралган ийгиликтер кийинки жылы да улана бермекчи. Тактап айтсак, Ынтымак айыл аймагында жылына 100 млн. даана кирпич чыгара турган завод ачылат. Анын расмий ачылышы март айында болмокчу. Бул жерде белгилеп өтүүчү жагдай, бул аймакта топурактын курамында туз аз санда болгондуктан сапаты жогору, суроо-талап жогору.

Жаңы- Арык айылында 260 км аралык саркынды сууларды тазалоочу курулма пайдаланууга берилмекчи. Отуз-Адыр айыл аймагында Кыргызстанда алгачкы жылына сапаттуу 30 миңге жакын аккумулятор батереяларды жасап чыгаруучу завод ачылат. Ак-Таш айылында жайгашкан жылына 1 млн. даана медициналык шприцтерди жасап чыгарып жаткан ишканабыздын өндүрүштүк кубаттуулугун арттыруу максатында Кара-Суу шаарынан 1 гектар жер бергени турабыз. Бул маселе чечилип калса, жылына 50 млн.го жетмекчи. Манас айыл аймагында сүттү кайра иштетүүчү “Жети баатыр” ишканасы үчүн ылайыктуу жер караштырып жатабыз. Ынтымак айыл аймагында Мамлекеттик ипотека компаниясы тарабынан курулуп жаткан көп кабаттуу 10 үй пайдаланууга берилмекчи. 260 кубометр саркынды сууларды тазалоочу курулма пайдаланууга берилмекчи. Кыргызстан тараптан бул маселени чечүү үчүн Савай айыл аймагынан 21 гектар аянт бөлүп берүү боюнча аракеттер башталды. Бул маселе чечилип өткөрмө пункту ачылып калса, келечекте Савай-Жаңы-Арык-Кызыл Суу–Гүлчө автожолу ачсак деген максат бар. Анткени, Жаңы-Арык-Кызыл-Суу жолунун көп бөлүгүнө асфальт басылып калды. Биз айткан жол ачылып калса, Гүлчө-Ош жолундагы тыгын азаят. Кийинки жылы Папан-Кожокелен, Тээке-Папан автожолуна асфальт басылат. Учурдан пайдаланып, гезиттин окурмандарын жаңы жылы менен чын дилден куттуктап, сиздерди жаңы жылда жаңы ийгиликтер коштосун деген калоо-тилекти айтмакчымын.

## Кудайберди Кожобековдун

**ОшМУнун ректору, профессор**



-Кадырлуу кыргыз элим!
Урматтуу мекендештер!

Сүйүктүү Ош мамлекеттик университетинин профессордук-окутуучулук курамы, кызматкерлери, ардактуу кесиптештер, студент достор!

Мен баарыңыздарды алдыбызга жаңы максаттарды койгон аруу-тилектердин майрамы, жакшы үмүттөрдүн жарыгын чачып кирип келе жаткан 2026-жыл жаңы жылыбыз менен чын дилимден куттуктаймын!

Узап бара жаткан жыл мамлекетибизде да ийгиликтүү жылдардан болду. Элибиздин эртеңи үчүн кам көргөн алгылыктуу иштер жасалгандыгын, билим берүү, илим изилдөө, спорт багыттарында өзгөчө колдоолор болгондугун айта кетпесек болбойт. Мындай колдоону сезген жаштарыбыз татыктуу билим алып, кайсы тармакта болбосун өлкөнүн туусун бийик желбиретип жатканын белгилегим келет.

Президентибиз Садыр Жапаровдун жарлыгынын негизинде Ош мамлекеттик университетине өзгөчө макам берилген. Бул макам окуу жайга башкарууда, каржылоодо жана окуу процессинде кеңири автономия берди. Университет өзүнүн ички түзүмүн, кадр саясатын, окуу программаларын жана финансылык иштерин өз алдынча жүргүзүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болду. Анын негизинде ОшМУнун туруктуу өнүгүү модели 2023–2026-жылдардагы планы ийгиликтүү ишке ашууда.

2025-жыл Ош мамлекеттик университети үчүн ийгиликтүү жыл болду. QS Rankings Asia 2026 рейтингине кирген 1526 окуу жайдын ичинде 316, Борбор Азияда 74 университеттин ичинде 22-позицияга ээ болду. Өзгөчө макамга ээ болгон университет билимди, илимди жана өндүрүштү бириктирип, дуалдык окутууну күчөттү. Эл аралык өнөктөштөр менен кош диплом программалары кеңейди. QSтин туруктуулук боюнча рейтингине 2022 университет кирип, ОшМУ курчап турган чөйрө жана коомго тийгизген таасири үчүн 1251, башкаруу боюнча 1107-позицияны ээледи. Жалпы жыйынтыгында ТОП-1500гө кирди. Буга чейин окуу жай QS Stars изилдөөсүнүн жыйынтыгында 4 жылдызга ээ болгон.

Жаңырган 2026-жаңы жыл элибизге ырыскы-дөөлөттү, ынтымак-ырашкерликти, бакубат жашоону алып келсин. Жаңы жылда Жараткан ар бириңиздерге дем-күч, шыктануу, чыгармачылык эргүү, журтубузга бакубат турмуш, байгер жашоо алып келсин.

Ар бириңиздердин үйүңүздөрдө кут уялап, бакыттын шаңы жаңырып, ырыскы ыроолосун!

## Нурипа Кудайбердиева

**Араван райондук балдардын чыгармачыл борборунун жетекчиси**

раван райондук Балдардын чыгармачылык борбору соңку жылдары республика аймагында өзүнүн чыгармачыл жүзүн таанытып, жаш таланттардын уясына айланып келатат. Айрыкча 2024-жылдын биринчи жарым жылдыгында жетишилген ийгиликтер 2025-жылга бекем пайдубал болуп, бул жыл борбор үчүн мазмундуу жыл катары эсте калды.

Борбордун тарбиялануучулары республикалык деңгээлдеги бир катар сынактарда активдүү катышып, жогорку орундарды багындырышты. Кол өнөрчүлүк багытында «Керамика» ийриминин окуучусу Тухтамуратова Тахмина Чолпон-Ата шаарында өткөн республикалык жарманкеде жана Ош, Бишкек шаарларында уюштурулган «Эмгек казынасы» сынагында эки ирет I орунду ээлеп, диплом, сертификат жана баалуу белектерге татыды.

Борбор район гана эмес, республика



деңгээлинде да ишенимдүү атка ээ боло алды десек жаңылышпайбыз. Албетте, мунун артында Араван райондук балдардын чыгармачыл борборунун жетекчиси Нурипа Кудайбердиеванын эмгеги баа жеткис экенин айтпасак болбос.

Жыл жыйынтыгы боюнча борбордун директору Кудайбердиева Нурипа Эгембердиевна төмөнкүдөй жаңы жылдык куттуктоо сөзүн жолдоду:

-Урматтуу балдар, ардактуу ата-энелер жана кадырман кесиптештер! 2025-жыл биз үчүн чыгармачылыктын, биримдиктин жана ийгиликтин жылы болду. Ар бир жетишкендик балдардын аракети, мугалимдердин эмгеги жана ата-энелердин колдоосу менен жаралган кубаныч демекчимин. Келе жаткан Жаңы жылда ар бир бала өз талантын ачып, чоң максаттарга ишенимдүү кадам таштасын. Жаңы жыл сиздерге ден-соолук, бакыт, шыктануу жана жаңы жеңиштерди алып келсин!-деди жетекчи айым.

Чынында эле, Араван райондук Балдардын чыгармачылык борбору келечекке ишеним жараткан, талантты тааныган жана аны бийиктикке жетелеген билим менен чыгармачылыктын алтын уясы бойдон калууда.

# ЖАҢЫ ЖЫЛГА КААЛОО-ТИЛЕКТЕР

**Абдилбает Мамасыдыков,**

**Кыргыз-Өзбек Эл аралык университетинин ректору, экономика илимдеринин доктору, профессор**



Сапары карып бараткан 2025-жыл Кыргыз-Өзбек Эл аралык университети үчүн ийгиликтерге, олуттуу реформаларга жана тарыхый жетишкендиктерге бай жылдардан болду. Бул жыл — билим берүүнүн сапатын жогорулатуу, эл аралык стандарттарга шайкеш адистерди даярдоо жана эмгек жамааттын социалдык абалын бекемдөө багытында чечкиндүү кадамдар жасалган өзгөчө мезгил катары эсте калууда.

Жыл башынан тартып университетте социалдык адилеттүүлүккө жана таза башкарууга өзгөчө көңүл бурулду. Окуу жайда жемкорлукту түп-тамырынан жоюу максатында ачык-айкын аттестациялоо процесстери жүргүзүлүп, ага катышкан окутуучуларга жана жалпы эмгек жамаатына университеттин каржы мүмкүнчүлүгүнө жараша 2025-жылдын 1-январынан тартып кошумча төлөмдөр бериле баштады. Бул — эмгекке берилген баа, жоопкерчиликти күчөтүү жана билим берүүнүн сапатын жогорулатууга багытталган принципиалдуу чечим.

Биз окуучулар үчүн бардык шарттарды түзүү менен бирге, жогорку жоопкерчиликти да талап кылган системалуу иш алып барууну улантып жатабыз. Анткени сапаттуу билим — бул биринчи кезекте мугалимдин абийири, эмгеги жана тынымсыз изденүүсү.

Билим берүүнүн сапатын камсыздоо боюнча абройлуу эл аралык аккредитациялык агентиги (IAAR — EQAR) тарабынан Кыргыз-Өзбек Эл аралык университети 2025-жылы аккредитациядан ийгиликтүү өтүп, бул жетишкендик өз учурунда КӨЭАУнун билим берүү сапаты эл аралык стандарттарга толук жооп берээрин тастыктады.

2025-жылы университеттин инфраструктурасын өнүктүрүү багытында да ири кадамдар жасалды. Жаңы ачылган Эл аралык медицина факультети жана медициналык колледжи үчүн 10 000 чарчы метрден ашкан заманбап окуу имараты ишке берилди. Бул келечектеги медицина адистерин даярдоодо сапаттуу билим берүү чөйрөсүн түзүүгө кеңири мүмкүнчүлүк ачты. Өзгөчө сыймыктанарлык жетишкендик — университеттин билим берүү программаларынын эл аралык деңгээлде таанылышы болду.

"Дарылоо иши" (чет элдик студенттер үчүн) жогорку кесиптик билим берүү программасы IAAR агенттиги тарабынан 5 жылдык мөөнөткө эл аралык (EX-ANTE) программалык аккредитациядан ийгиликтүү өттү. Бул баалоо WFMO, AMSE жана ESG эл аралык стандарттарынын негизинде жүргүзүлүп, IAAR агенттигинин Аккредитациялык кеңешинин 2025-жылдын 30-октябрындагы №98 чечими менен университетке медициналык багыттагы адистерди даярдоо дүйнөлүк жана европалык талаптарга жооп берерин тастыктаган сертификат ыйгарылды.

Мындан тышкары, аталган билим берүү программасы боюнча IAAR агенттигинин сырткы эксперттик комиссиясынын отчету эл аралык DEQAR маалымат базасына жайгаштырылып, КӨЭАУнун дүйнөлүк билим берүү мейкиндигиндеги ордун дагы да бекемдеди.

Жогорудагы жетишкендиктер — жалпы эмгек жамаатын, тиешелүү жетекчилердин тынымсыз эмгегинин жыйынтыгы. Айрыкча, бул иштер университеттин келечегин дүйнөлүк стандарттарга ылайык өнүктүрүү багытында жүргүзүлгөн системалуу иштин натыйжасы экенин баса белгилегим келет. Жаңы жыл алдында жалпы окурмандарга жаңы жылда жаңы үмүттөрдү жана жаңы максаттарды каалайбыз. 2026-жылы да Кыргыз-Өзбек Эл аралык университети билим берүүнүн сапатын жогорулатуу, эл аралык кызматташтыкты кеңейтүү жана өлкөбүзгө татыктуу адистерди даярдоо жолунда талыкпай эмгектене беребиз.

Жаңы жылда ар бир үй-бүлөгө тынчтык, ден соолук, береке, ал эми жаштарыбызга билимге болгон умтулуу жана жаркын келечек каалайм.

**Каныбек АПБАСОВ**

**Өзгөн райондук мамлекеттик администрациясынын башчысы-аким**



Урматтуу мекендештер! Өтүп бара жаткан жыл районубуз үчүн олуттуу иш-аракеттердин, алгылыктуу өзгөрүүлөрдүн жылы болду. Билим берүү, саламаттыкты сактоо, айыл чарбасы, инфратүзүм тармактарында да бир катар маанилүү долбоорлор ишке ашып, калктын жашоо шартын жакшыртууга багытталган иштер аткарылды. Бул жетишкендиктер талыкпаган эмгектин, ынтымактуу аракеттин натыйжасы.

Жаңы жыл жаңы үмүттөрдү, жаңы максаттарды жана ийгиликтерди алып келсин. Ар бир үйдө тынчтык, бакубатчылык болсун. Балдарыбыздын күлкүсү жаңырып, келечекке болгон ишеним арта берсин.

Башкысы, өлкөбүз тынч, элибиз аман болсун. Өзгөн району мындан ары да өсүп-өнүгүп, алдыга карай ишенимдүү кадам таштай берсин. Жаңы жылыңыздар кут болсун!

**Сабирова Венера,**

**ОшМУнун кафедра башчысы, филология илимдеринин доктору, профессор**



- Өтүп бараткан 2025-жыл Кыргызстаныбызда ийгиликтүү жылдардан болду. Бардык тармактарда, анын ичинде билим берүү тармактарында да көп жетишкендиктер болду. Алыскы жана жакынкы чет мамлекеттерине барып, билим берүү тармактарындагы тажрыйба алмашуу иштери жүзөгө ашырылды. Мамлекеттин келечеги билимдүү, илимдүү жаштардын колунда. Андыктан жогорку билим берүүдө, мыкты кадрларды даярдап чыгарууда окутуунун сапатына чоң көңүл бурулууда.

Келечегибизди курууда жаштардын ролу абдан маанилүү. Жаштарыбыз дагы заман талабына жараша алга умтулуп, эл керегине, өлкөнүн керегине жарай турган мыкты адис болууга кызыкдар болгону кубанычтуу. Студенттер илимий конференцияларга катышышып, түрдүү башка иш-чараларга катышышып, билимдерин арттырууда. Албетте, аларга ишеним да чоң. Болгон билимибизди, аракетибизди студенттердин билимдүү да, тарбиялуу да, заманалуу да жаштардан болушу үчүн аянбай жумшап атабыз. Бүтүрүүчүлөрүбүз турмуштан өз жолун таап, алган билимдерин эл керегине жумшаса, дүйнөлүк процесстерден артта калбай ийгиликтерге жетишсе биздин сыймыгыбыз эмеспи.

Келе жаткан 2026 -жылыбыз да ийгиликтүү, жемиштүү, берекелүү жыл болсун. Өлкөбүздө тынчтык өкүм сүрүп, эли- журтубуз ден- соолукта, бакутабаттуулукта жашашсын. Кесиптештеримди, газета окурмандарын, учурдан пайдаланып, кирип келе жаткан жаңы 2026- жылы менен чын дилимден куттуктаймын. Аларга сак- саламатчылык, бактылуулук, ийгиликтерди жана жакшылыктарды каалаймын. Жаңы жыл кут болсун!

**Советбек АМАТОВ**

**Ош билим берүү институтунун директору.**



Урматтуу мекендештер, жалпы билим берүү кызматкерлери, ата-энелер жана элим! Келе жаткан жаңы жыл баарыбызга кут болсун!

Билим берүү тармагы сапатты жакшыртууга багытталган өзгөчө өзгөрүүлөргө багыт алган мезгилде баарыңыздарга сак саламатчылыкты, чыгармачылык бийиктиктерди, кесиптик өнүгүүнү, натыйжалуу кызматташтыкты каалайм.

Билим берүүдө жаңы дем менен жаңы бийиктиктерди багындыра беришиңерге тилектешмин. Жаш муундар биздин максаттарды, тилектерди, күтүүлөрүбүздү орундаткан ийгиликтүү муун болсун.

**Т. Кармышаков**

**Кара-Кулжа райондук мамлекеттик администрациясынын башчысынын биринчи орун басары**



Өткөн 2025-жыл өлкөбүздө анын ичинде Кара-Кулжа районунун социалдык экономикалык өнүгүшүндө зор жыльштар болду. Мунун өзү элибиздин турмуш шартында жакшы жашоого умтулгандыгынан көрүнүп турат. Тагыраагы элдин жашоо турмушка болгон умтулусу коомдук түзүлүштүн азыркы учурдагы абалына баамчылдык менен көз караш багыттоосунда рынок шарттарын толук мүнөздүү түшүнгөндүгүнөн сезилүүдө. Бийлик менен элдин баамчылдыгы шайкеш келгендигинен жалпы экономикалык ар тараптуу өнүгүүлөр коомдун бардык тармактарында сезилгенинен билинип турат. Элибизде "Эл тараза-Эл сынчы" деген лакап сөздүн маанисинен алганда кийинки мезгилдерде жасалган иштерге эл тарабынан таразалай, сындай өнүгүүгө баам салгандыгынан билинүүдө.

Анын ичинде өзүбүздүн Кара-Кулжа районунда да ар тараптуу экономикалык-социалдык өнүгүүлөр жүз берүүдө. 2025-жыл райондун элинин эсинде Өзгөн, Мырза-Аке-Кара-Кулжа автожолунун кыска мөөнөттө, тагыраагы, жети айга жетпеген убакыт ичинде бүткөрүлгөндүгү менен калды. Жол Кыргыз Республикасынын эгемендүүлүгүнүн күнүнө карата пайдаланууга берилип, азыркы учурда кан жолдон жүргүнчүлөрдүн сапары байсалдуу болууда. Мындан сырткары, жол темасы боюнча Кара-Кулжанын борборунан тарта Алайкууга чейинки айыл арасындагы жолдорго асфальт төшөлүү менен жакшыртылды. Буга кошумча эл аралык каттамга ылайыкташтыруу боюнча Кара-Кулжа-Алай, Гүлчө жолунун түп нугунда учур талабына ылайыкташтыруу боюнча иштер кызуу жүргүзүлүп жаткан учуру.

Райондо жол тармагынан тышкары экономикалык багыттан алганда баардык индикативдүү көрсөткүчтөр жыл жыйынтыгы менен аткарыла тургандыгына ишеничибиз толук бар. Элдин турмуш деңгээли азыркы шартта жакшы. Элдин өтүнүч талаптары райондук бийликтин көңүлүнүн борборунда. Айыл аймактарындагы иштер да суроо-талаптарга шайкештүү десек аша чапкандык эмес. Районубуздагы элди тейлеген саламаттыкты сактоо, билим берүү жана маданият тармагындагы кызмакерлер эл жүгүн аркалаган милдеттерин даана билгичтик менен сезгендигин айгинелей берилүүчүлүктө жакшы иштеп келишүүдө.

Негизинен райондо жылды жыйынтыктоо иштери баардык тармактар боюнча жакшы болот деген ойдобуз. Анан жыл тогошо тогошкон жылыбыз 2026-жылда өлкөбүз үчүн анын ичинде районубузда да чоң-чоң ийгиликтерге жетишүү менен алдыга карай бакубатчылыкта өйдөлөй берүүнү тилейт элек.



# ЖЫЛ АДА



**Кудайберди Кожобеков,**
*ОшМУнун ректору, физика-математика илимдеринин доктору, профессор*



**Табалдиев Канат,**
*Кара-Суу райондук мамлекеттик администрациясынын башчысы-аким.*



**Мамасыдыков Абдилбает,**
*Б. Сыдыков атындагы Кыргыз -Өзбек Эл аралык университетинин ректору, экономика илимдеринин доктору, профессор*



**Бейшекеев Замир,**
*Араван районунун прокурору*



**Тажибаев Данияр,**
*Ноокат районундагы Т.Зулпуев атындагы айыл өкмөтүнүн башчысы*



**Мойдинова Акылай,**
*Кара - Суу районундагы №60 Каныбек Абдылдаев атындагы жалпы билим берүү мекемесинин директору*



**Мырзабаев Мукаш,**
*Кара - Суу районундагы Мады айыл өкмөтүнүн башкы эсепчиси*



**Азимбаев Кубат,**
*Ноокат аймактык ооруканасынын башкы директору*




**Насридин Абдураимов,**
*Араван районунун Төө-Моюн айыл өкмөтүнүн башчысы*



**Жоомартова Данишхан,**
*Кара-Суу районундагы Курманжан Датка үй-бүлөлүк дарыгерлер борборунун медайымы*



**Алтынай АЖИЕВА,**
*Өзгөн районундагы Мырза-Аке айыл өкмөтүнө караштуу Алтын-Булак айылындагы №23 китепкананын башчысы.*



**Гульчехра Шадыканова,**
*Өзгөн районундагы Мырза-Аке айыл өкмөтүнө караштуу Кандава айылындагы үй-бүлөлүк дарыгерлер тобунун медайымы.*



**Дуванаева Гүлнара,**
*ишкер, Ноокат районундагы Аялдар кеңешинин төрайымынын орун басары*



**Карыбеков Кутманали,**
*Кара-Суу районундагы Ынтымак айыл аймагынын башчысы*



**Абдыразаков Бөрүмамет,**
*Кара-Суу районундагы №45 жол тейлөө мекемесинин башчысы*

# МЫ-2025





**Сабирова Венера,**
*ОшМУнун кафедра башчысы, филология илимдеринин доктору, профессор*



**Ботоханов Мирбек,**
*Өзгөн районундагы Мырза- Аке Жалпы дарыгерлер практикалык борборунун директору*



**Кокочорова Фарида,**
*Кара -Суу районунун №44 Абдраман Саматов атындагы жалпы билим берүү мекемесинин директору*



**Кадиров Мамиржан,**
*Араван районундагы Достук айыл өкмөтүнүн башчысы*



**Уланмырза Карыпбаев,**
*С.Ибраимов атындагы Ош улуттук драма театрынын көркөм жетекчиси, Ч. Айтматов атындагы жаштар сыйлыгынын лауреаты, театр режиссеру*



**Токуров Мыктыбек,**
*Ош шаарындагы "Шапы Аудит" аудитордук компаниясынын генералдык директору*



**Мааданова Канымбү,**
*Акын, КР Маданият министрлигинин "Ыйык тил"төш белгисинин ээси*



**Бабакулова Асидакан,**
*Ош билим берүү институтунун директорунун орун басары*



**Абдыкалыков Мунарбек,**
*Саламаттыкты сактоо министрлигине караштуу милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун Ош аймактык башкармалыгынын экспертиза бөлүмүнүн жетектөөчү адиси*



**Низамиев Абдурашит,**
*Ош мамлекеттик университетинин табият таануу, дене тарбия, туризм жана агрардык технологиялар институтунун директору, география илимдеринин доктору, профессор*



**Абдиев Эрали,**
*Алай районундагы №4-Кадырмамат уулу Абдыразак атындагы мектеп-интернатынын география сабагынын мугалими*



**Жаңыл БАИМБЕТОВА,**
*Кара-Кулжа районундагы Биймырза айылындагы "Керемет" шайыр апалар тобунун жетекчиси, кол өнөрчү.*



**Казыев Нурали,**
*Жеке ишкер, Ош шаары*



**Эрмек Муратбек уулу,**
*УТРК Ош телеканалынын директору*



**Маматибраим Артыков,**
*Ош аэропортунун аэронавигация башкармалыгынын кызматкери*

# РЫСПАЙ ЖӨНҮНДӨ ЭССЕ ЖЕ АНДАН ЧЫККАН ОЙЛОР

(башы мурнку санда)

Ал мезгилде техника жагы тартыш, райондун борборунан биздин колхозго үч жолу алгачкы жылдары "кирзовой такси", андан кийин ПАЗик автобус каттап, анын эки жолкусу (эрте мененки жана кечкиси) ушул аялдамадан, бирөө (түшкүсү) колхоздун борборунан кайтчу. Албетте, ар бир сапар тарткан адам белгилүү бир жумуштар менен барат эмеспи, кимдир бирөө андан ары Өзгөнгө, Ошко сапарын уласа, көпчүлүгүнүн жумушу ушул райборбордон бүтчү, ошондуктан ал кездери шаарда орун-очок алган тууган-туушканы жок болуп, жумуштарын кечке бүтүрүп кечки автобуска илешип кетүүгө аракет кылышчу, эгерде бүтпөй калса тааныш-тамыр издемей. Үйлөрү бар таанышттуулар абдан аз, болсо да саналуу адамдар гана андай бактыга тушукан. Мен да кезинде түнөп кеткенге далай жолу үй издеген учурларым болду, анткени Оштон келе жатып, кечки автобустан кечигип калып, мейманканада орун жок, орун болсо да акча жок болуп, мындай тагдырды ошол кезде окуу жайларында окушкан мен теңдүү курбалдаштарым баштарынан өткөрүштү, мен да алардын бири элем. Техника да, автобус бузулуп калса, каттаган эл үчүн чоң проблемага айланчу. Жан күйгөн бир тууганың эле болбосо, бир түнөгөн үйгө экинчи күнү баралбай, айылга кетиштин аргасын издеп, колхоздон келген техникаларга жармашып кетүүнүн айласын кылар элек. Ал кезде жол да узун, азыркы мезгилдеги сай ичиндеги сууну бойлой салынган жол да жок, жол Ылай-Талаадан жогору Шаркыратма аркылуу өтүп, Шаркыратманын созулган узун өйдөлүшүндө автобус араңдан илкип, улуп-уңшуп, мотору токтоп калчудай болуп, ичи толгон адамдарды зорго көтөрүп баратканын көрсөтүп, бирди ыкшып жөтөлүп жатып, алда-тообо менен акыркы бурулуштан өтүп кичинекей тектирчеге жеткенде радиатордун суусу муздаганча деп токтоп, ортосунда тикелей турган адамдарды жерге түшүрүп, автобустун шоопуру жол кире топтогонго киришчү. Шаркыратмага чыга беришге үч айланма бурулуш болсо, айрыкча акыркысы узакка созулуп, көптөгөн техникаларды сынап, моторлорунда суулары кайнап кетип, далай жолу май насостору иштен чыгып, адам таппас айла жок, ага сууланган чүпүрөктү басышып, эбин таап кыраңга жетишчү. Негизи эле Шаркыратма бороон-шамалдын уюгу эле, кышында бул жолдорду күрткү басып, улуп уңшуган бороон-чапкын коюн-колтукка кирип, автобус каттабай, жолду тазалашканча далай жолу жөө-жалаң каттаган күндөрүбүз болгон. Жол кире алган соң автобустан чыккан эл кайрадан агылып киргенде мурунку ордуларына кайрадан батып-батпай, бут койоорго жер жок, бир бутубуз жогорудa салаңдап калган учурлары көп болгон. Ары-бери түртүшүп, козголуп, ыкшалып жатып, экинчи бутубузга орунду араңдан зорго тапчубуз. Кары-картаңдар орундуктардан орун алышса, жаштардын орду автобустун ортосу болчу эле. "Жол азабы –көр азабы" дегендей, айтор, жол тарткан адамдар ар кандай кыйынчылыктарга туш болушкан.

Мына ошол Мазар-Дөбөдөгү аялдамада ар коктудан түшкөн эл таң супасы суюла баштагандан, бирин-сериндеп жөө-жалаң, кары-картаңдарын атчан жеткизип келип, келгени салам берип, отургасы алик алып, жер жарып, автобустун карааны көрүнгөнгө чейин ушул аялдамада орун жеткени орун алып, узун кепке киришет. Антекни адамдар бири-бирине тааныш, ушул Мазар-Дөбөдөн жогору Калинин колхозунун Ажике участкасы деп аталып, адамдар үч уруудан таралса да, кыз алып, кыз берип, жамандыгы-жакшылыгы бир болуп жамаатты түзүшөт. Мурунку кылымдын отузунчу жылдарында, коллективдештирүү мезгилинде, адамдарды ар



кайсы кокту-колоттордон түшүрүп, алгач биздин Тегерек-Саз айылында кыштак пайда болуп, андан кийин Коноклай-Талаа, андан кийин башка айылдар пайда болгон. Ошондуктан бизди ушу кезге чейин "кыштактыктар" деп аташат, биринчи мектеп да биринчи биздин айылда ачылган, андан кийин Ничке-Жылгага, андан соң азыркы К.Чаргынов атындагы орто мектебинини ордуна көчүрүлүп, ал кезде "Ажике" орто мектеби деп аталып турган. Жаштары бир мектептен билим алып, ак-караны таанығандан баштап, чогуу чоңоюшуп, мектепте өткөн иш-чараларга ата-энелер да барып катышкандыктан, кимдин баласы кандай окуйт, ким эмнеге кызыгат, кандай жөндөмү бар ушуга окшогон суроолор алардын көпчүлүгүнө тааныш, анткени алар да бир кездери чогуу бир мектепте окушкан. Мына ошондуктан, улуу жаштагылар жаш балдарды көрөрү менен ата-энелерибизге окшотуп, "а сен баланчанын баласы, сен түкүнчөнүн кызы" деп бир көргөндө эле таанып коёндуктары да ошондон. Анын үстүнө азыркы кездегидей жаштар ар тарапка көр-тиргиликтин артынан ооп кетпей, окуу жайларга окуп сыртка чыккандарынан башка, армия жашындагы жигиттер армияга барып кызмат өтөп келишип, мындан сырткары сырткы миграция агымы да жок болуп, жаштардын көбү айылда калат, же окуган адистиги боюнча шаарларда, же айылда иштеп калышат. Ал кезде интернет деген түшүнүк элде жок, байланыштын көбү кат аркылуу кетип, почта кызматы, кийнчерeeк телеком кызматын пайдаланышып, кабардын да бир жакка таралышы жайыраак болчу. Биз теңдүү жаштар келген адамдардын катарында тээ ылдый тараптагы Дачаны тиктеп, автобус ошол жактан көрүнсө, "келатат, келатат" деген элдин кобуру менен буюм-тайымыбызды даярдап, автобус келсе, андагы келген адамдарды жерге түшүрө койбой, андан орун алганга жүгүрөбүз. Биздин орун белгилүү деңизчи, автобустун ортосу, айылдаш кары-картаң аксакалдарга орун алганга жардам берүүнүн амалын кылып, жармашып жатып, бир орундукту ээлөөгө аракет кылабыз. Мына ошол автобус келгенге чейин, же автобустун ичинде негизинен ал-жайды сурашкан соң, көр-тиргиликтен баштап, ар түрдүү темадагы сөздөр сүйлөнөт. Улуу муундун өкүлдөрү болгон Мамаш, Турсун, Дөдө, Саип агайлар жана аларга курбалдаш болгон айыл аксакалдары ал кезде тирүү, алар менен чогуу жол тарткан учурларым көп эле болду, алар барда маанилүү сөздөр сүйлөнүп, кайсы бир турмуштук жагдайларды талкуулаган дискуссия башталат да, кыраан-каткырык менен бирин-бири чымчыган аския сөздөргө өтүп кетишет. Биздин элдин өзгөчөлүгү – ушундай аския сөздөргө маани берип, ар кандай курч учурларды да кыраан-каткырык менен да жеңе билгендигинде. Ар бир уруунун энчине берилген расмий атынан сырткары, анын каймана да аты да бар. Керектүү кезде ал атты кошо коюшса, күлбөгөн адам да, бир жылмайып алмайы бар. Мындай өзгөчөлүктү, көп эле жерлерде болдум, эч бир жерден учуратккан жокмун. Албетте, бул жерде ар кандай сөздөр сүйлөнүп, акырында сөзсүз атактуу жердешибиз Р.Абдыкадыровду да кошуп кетишет. Булаш туугандардан, кимдир-бирөө:

– Э-э, Рыспай-Рыспай болуп турганда айылына бир келтирип жакшына үй салып койбоду да, чунак –десе, экинчиси:

- Ошону бир айтасыңбы, эки айтасыңбы – деп коштойт.

– Ар дайым эле ушундай болуп турмак беле – дейт үчүнчүсү.

– Айткан сөзүңө калет жок – дейт Кара-Баргылык туугандардан.

Мына ушуга окшогон сөздөр ар дайым айтылып тургандыктан, биз ага маани бербей, уга берип, көнүп калганбыз. Адам кандайдыр бир ийгиликке жетсе, Ата-Журтуна үй салып, машина алып, чоң той берүү керек деген ой көпчүлүктө калыптанып калган эле. Мен да ошентип ойлочумун. Мындай сөздөр автобусту күтүп жатканда да, автобуска олтурганда да уланчу. Көрсө ага-туугандары, айылдаштары Р.Абдыкадыров кай жерде болбосун, эмне жумуш кылбасын аны менен сыймыктанып, мактанышып, сөз кылышынын да жөнү бар экен.

(уландысы кийинки санда)

**Калил Орозалиев.**

**101 билдирет**

# Жаңы-жыл майрамын тосуудагы өрт коопсуздугу

Жаңы-жыл майрамын тосуудагы өрт коопсуздугу жана пиротехникалык каражаттарды колдонуудагы коопсуздук эрежелери тууралуу маалымдайбыз.

**Төмөнкүлөргө тыюу салынат:**

1) иш-чараларды терезелери тордолгон бөлмөлөрдө өткөрүүгө;

2) догоо түрүндөгү прожекторлорду, шамдарды жана тарсылдактарды колдонууга, фейерверктерди жана башка өрт чыгуу коркунучун туудурган жарык бергичтерди колдонууга;

3) от алып кетүүчү, башка жарылуучу, өрт коркунучун келтирген иштерди жүргүзүүгө;

4) имараттын ичин караңгылатуу үчүн терезе тоскучтарды пайдаланууга;

5) отургучтардын катарларынын ортосундагы өткөөлдөрдүн жазылыгын азайтууга жана өткөөлдөргө кошумча креслолорду, отургучтарды коюуга;

6) иш-чара өтүп жаткан учурда жарыкты толук өчүрүүгө;

7) имарат-жайга элди долбоордук документтерде белгиленгенден ашык толтурууга;



8) колго жасалган электр гирлянддарын, жарык музыка түзүлүштөрүн, электромузыка аппаратурасын, балатыны айландыруучу түзүлүштөрдү колдонууга жана балаты гирлянддарынын өчүп-күйүүсүнө.

Ачык жагылган отту колдонуу менен башкарылбаган учуучу фонариктерди пайдаланууга жана учурууга тыюу салынат.

**Пиротехникалык заттарды пайдаланууда төмөнкүлөргө тыюу салынат:**

1) салюттарды имараттарга жана курулмаларга 50 метрден жакын аралыкта, бак-дарактардын түбүндө жана бастырмалардын астында аттырууга;

2) аларды шамалдуу аба-ырайында колдонууга.

Жаңы жыл майрамдарын өткөрүүдө балаты имарат-жайдан чыгууга тосқоолдук кылбагандай эсеп менен бекем орнотулууга тийиш. Балатынын бутактары дубалдан жана шыптан бир метрден кем эмес аралыкта болушу керек. Балатыга жарык берүүдө (зымдардын ысып кетиши, лампочкалардын тез-тез күйүп кетиши, учкундун чыгышы ж.б.) кичине эле бузугу байкалганда иллюминация дароо өчүрүлүүгө жана алардын бузугу табылып жана оңдолгондон кийин гана иштетилүүгө тийиш.

**К. Кыдырбаева, КР ӨКМнин Ош шаары боюнча башкармалыгынын ӨӨАА-жАКИБнүн офицери, майор.**

**Прокурордук көзөмөл**

# Мыйзам бузуулар четтетилди

Кыргыз транспорттук прокуратурасы тарабынан Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын жана башка ченемдик укуктук актыларынын так жана бирдей аткарылышын көзөмөлдөө багыты боюнча 2025-жыл ичинде Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлигине караштуу Жерде жүрүүчү жана суу транспорту департаментинде жана анын аймактык башкармалыктарында жалпысынан 21 текшерүү жүргүзүлүп, жыйынтыгы менен 86 мыйзам бузуу аныкталган. Аталган мыйзам бузууларды четтетүү боюнча 34 прокурордук чара көрүү актылары келтирилип, 2 кылмыш иши козголгон.

Келтирилген чара көрүү прокурордук актылардын негизинде 67 кызматкер тартиптик жоопкерчиликке кириптер болушуп, 19 кызмат адамына айып пул салынган. Ал эми, 624 703 сом акча каражаты мамлекетке кайтарылган.

Кыргыз транспорттук прокуратурасы тарабынан аталган багыт боюнча мыйзамдардын талаптары так жана бирдей аткарылышы тууралуу мындан ары да көзөмөлдү күчөтүүгө көңүл бурулат.

**Кыргыз транспорттук прокуратурасы**

## Самат Дүмүров,

**С. Юсупова айыл өкмөтүнүн башчысы**



Өтүп бара жаткан 2025-жыл Араван районунун С. Юсупова айыл аймагы үчүн мазмундуу иштерге, элдин жашоо-шартын жакшыртууга багытталган жемиштүү жыл катары эсте калды. Айыл өкмөтү калк менен тыгыз иш алып барып, инфраструктураны өнүктүрүү, суу маселесин чечүү, социалдык объектилерди жаңылоо жана жаш муун үчүн шарт түзүү багытында жапа тырмак кызмат кылды.

Билим берүү жана спорт тармагына да көңүл бурулду. Каррак айылынын Сарай көчөсүндө жайгашкан Манас орто мектебинин филиалына спорттук аянтча куруу үчүн жергиликтүү бюджеттен 2 миллион сом бөлүнүп, элдин салымы катары кошумча 1 миллион сом чогултулду. Учурда курулуш иштерин баштоого капсула салынып, иш расмий түрдө башталды.

Жыл жыйынтыгы боюнча С. Юсупова айыл өкмөтүнүн башчысы Самат Турганбаевич Дүмүров төмөнкүдөй жаңы жылдык куттуктоо сөзүн жолдоду:

-Урматтуу айыл аймагыбыздын тургундары! Өтүп бара жаткан жыл ынтымакта эмгектенип, эл үчүн кызмат кылуунун жылы болду демекчимин. Ар бир аткарылган иш сиздердин ишенимиңиздердин жана колдооңуздардын жыйынтыгы деп билем. Келе жаткан Жаңы жыл ар бир үйгө тынчтык, береке, ар бир балага жаркын келечек, ар бир жаранга үмүт жана ишеним алып келсин. Бирге болсок, алдыда дагы чоң ийгиликтерди багындырабыз!-деди жетекчи.

Чындыгында, 2025-жыл С.Юсупова айыл аймагы үчүн өнүгүүнүн, биримдиктин жана келечекке бекем кадам таштаган жыл катары калктын эсинде калды.

**Милдеттүү медициналык камсыздандыруу**

# Кыргыз Республикасынын жарандарын медициналык-санитардык жардам менен камсыз кылуу боюнча Мамлекеттик кепилдиктер программасынын шарттары жөнүндө

Мамлекет тарабынан Кыргыз Республикасынын жарандарын медициналык-санитардык жардам менен камсыздоо боюнча Мамлекеттик кепилдиктер программасы кабыл алынган.

Мамлекеттик кепилдиктер программасы (мындан ары- МКП)- бул Кыргыз Республикасынын жарандарына медициналык-санитардык жардам берүүнүн кепилденген көлөмүн, түрлөрүн жана шарттарын аныктайт. Мамлекеттик кепилдиктер программасы (МКП) Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фонду (ММКФ) тарабынан иш жүзүнө ашырылат.

Мамлекеттик кепилдиктер программасы боюнча медициналык жана фармацевтикалык кызматтар Мамлекеттик кепилдиктер программасын жана ММКнын кошумча программасын аткаруруга ММК Фондунун аймактык башкармалыктары менен келишим түзүшкөн саламаттыкты сактоо уюмдары жана дарыкана мекемелери тарабынан көрсөтүлөт.

МКП медициналык-санитардык жардамдын төмөнкү түрлөрүн камсыз кылат:

- медициналык шашылыш жардам;
- алгачкы медициналык-санитардык жардам;
- амбулаториялык шартта адистештирилген медициналык жардам;
- стоматологиялык жардам;
- стационардык жардам;
- дары, вакцина менен камсыздоо жана иммундук алдын алуу.

Шашылыш медициналык жардам: бейтаптарга жашоо көрсөткүчтөрү боюнча тез медициналык кийлигишүү талап кылынган акыбалда (кырсык, кокустук, уулануу, башка ооруларда жана оор акыбалында);

- шашылыш медициналык жардам кызматы (103 кызматы);
- менчигинин түрүнө карабай саламаттыкты сактоо уюмдарына кайрылганда.

Медициналык шашылыш жардам Кыргыз Республикасынын бардык жарандарына АКЫСЫЗ көрсөтүлөт.

Амбулатордук деңгээлде медициналык кызмат көрсөтүүнүн шарттары:

дарыгердин жолдомосу боюнча бардык катталган калкка 12 базалык изилдөөлөр АКЫСЫЗ жүргүзүлөт:

-кандын жалпы анализи;
-зааранын жалпы анализи жана зааранын тунмасынын микроскопиясы;
-уретралдык мазоктун микроскопиясы;
-вагиналдык мазоктун микроскопиясы;
-какырык анализи (мазок микроскопиясы);
-кандагы кантты аныктоо;
-заарадагы кантты аныктоо;
-кандагы холестеринди аныктоо;
-электрокардиограмма;
-кандагы гликирленген гемоглобинди аныктоо (кант диабети менен ооруган бейтаптарга - жылына 1 жолу);
-Грам боюнча түсүн өзгөртүү методу менен бактериурияга зааранын анализи (кош бойлуу аялдарга биринчи үч айлыкта);
-18 жашка чейинки балдардын козунун корусун аныктоо.

Кошумча 42 лабораториялык изилдөөлөр жарандарга дарыгердин жолдомосу менен акысыз жүргүзүлөт.

Медициналык-санитардык жардамды акысыз алууга укугу бар жарандардын категорияларынын социалдык корсоткучу менен №1 тизме 36, клиникалык көрсөткүчү менен №2 тизме боюнча 18 категориядан турган жарандар кирет.

ММК боюнча камсыздандырылган жарандар амбулаториялык деңгээлде дарыланганда ММКнын Кошумча программасы боюнча үй-бүлөлүк дарыгер жазып берген ММК рецепти менен жеңилдетилген түрдө (50-100%ка чейин) дары-дармектерди ММК фонду менен келишим түзгөн аптекалар аркылуу ала алышат.

Андан сырткары, ҮМБ/ҮДТда каттоодо турган жана катталган оруулардын жеңилдетилген категориясына 5 оорунун аталышы боюнча (терминалдык стадиядагы онкологиялык оорулар, параноялык шизофрения, аффективдик бузулуулар, талма, бронхалык астма) камсыздандырылган статусуна карабастан МКПнын рецебин жазып берүү аркылуу дары-дармек менен камсыздоо ММК фондунун аймактык башкармалыктары менен келишим түзгөн дарыкана мекемелери аркылуу жүргүзүлөт.

ММК фондунун аймактык башкармалыктары аркылуу ар бир ҮМБ/ҮДТу үчүн жылдын кварталы боюнча бөлүштүрүлгөн бир жылдык финансылык каражаттардын лимити бекитилип берилет.

Ал эми, кант диабети, кантсыз диабет, гемофилия, кургак учук оорулары менен ооруган бейтаптарга дары-дармек каражаттарын сатып алуу борбордоштурулган тартипте Кыргыз Республикасынын Саламаттыкты сактоо министрлиги тарабынан жүргүзүлөт жана ҮМБ/ҮДТу аркылуу бейтаптарга МКПда көрсөтүлгөн берүү ченемдерине ылайык акысыз таркатылып берилет.

Стационардык жардам

Стационарларда жаткан учурда бейтаптар кошумча төлөм төлөшөт.

Мамлекеттик кепилдиктер программасындагы стационардык дарылануудагы кошумча төлөмдүн өлчөмү дарыгердин жолдомосуна, оорунун түрүнө (хирургиялык же терапиялык), медициналык жардам алууда

жеңилдиктерди алуу укугуна, камсыздандыруунун статусуна жараша 3 деңгээлге бөлүнгөн: Минималдуу, орточо жана максималдуу.

Мамлекеттик кепилдик программасынын №1, №2 тизмелерде белгиленген жарандардын категориялары үчүн стационардык шартта дарылоо акысыз жүргүзүлөт.

Бул жерде эки маанилүү эскертүү бар. Биринчиси №1 тизмедеги категорияга тиешелүү: «жылына эки жолу пландуу ооруканага жаткырылуудан ашпаса (6 жашка чейинки балдарды кошпогондо)» жана экинчиси №2 тизмедеги категорияга тиешелүү «негизги оорусу боюнча» стационардык жардам акысыз көрсөтүлөт.

Кошумча төлөмдүн минималдуу деңгээли (330-430 сом) өлчөмүндө төмөндөгү жарандарга каралган:

- 70 жашка чейинки пенсионерлер үчүн;
- 70 жашка чейинки эмгек ардагерлери үчүн;
- социалдык жөлөк пул алгандар үчүн;

Кошумча төлөмдүн орточо деңгээлдеги (840-1090сом) өлчөмүндө милдеттүү медициналык камсыздандыруу боюнча камсыздандырылган жарандар төлөй алышат. Кошумча төлөмдүн максималдуу деңгээлдеги өлчөмүн (8400-9170 сом) милдеттүү медициналык камсыздандыруу боюнча камсыздандырылбаган жарандар төлөшөт.

Камсыздандырылбаган жарандар, амбулаториялык деңгээлде лабораториялык жана диагностикалык текшерүүдөн өткөндө кошумча төлөмдү Прейскурантка ылайык текшерүүлөр наркын 100% өлчөмүндө төлөшөт.

Кошумча төлөө саламаттыкты сактоо уюмунун кассасына жазылып берилген талондун негизинде тапшырылып, бейтапка дүмүрчөк (квитанция) берилиш керек.

Стационардык дарылоодо бейтаптарга зарыл болгон консультацияларды, лабораториялык жана диагностикалык текшерүүлөрдү өткөрүү үчүн, ошондой эле операцияга, наркозго, дары-дармекке кошумча акы алууга жол берилбейт (кымбат баалуу лабораториялык жана диагностикалык текшерүүлөрдү жана татаал ыкмаларды эске албаганда).

Кыргыз Республикасынын аз камсыз болгон категорияга кирген жарандары социалдык коргоо органдары же айыл өкмөтүнүн социалдык кызматкерлери берген маалымкатты бергенде саламаттык сактоо уюмунун дарылоо-контролдоо комиссиясынын чечими боюнча кошумча төлөмдү төгүүдөн бошотулушу мүмкүн.

Эгерде, стационарда бейтапты дарылоого кеткен чыгымдар Саламаттык сактоо министрлиги бекиткен дарылануунун орточо наркынан үч эсе ашып кетсе, саламаттыкты сактоо уюмунун эксперттик-контролдук комиссиясы, пациент мындан аркы дарылануусу үчүн дары-дармекке кошумча чыгашаны төлөп берүүсү тууралуу чечим кабыл алат.

Ооруканага жаткыруууга жолдомосу жок жарандарга пландуу стационардык жардам алардын жеңилдиктерге болгон укугуна карабастан төлөмдү дарылоонун бекитилген орточо наркы өлчөмүндө төлөөсү менен жүргүзүлөт.

Эгерде Сиз: Мамлекеттик кепилдик программасы (МКП) жөнүндө толук маалымат алууну кааласаңыз жана медициналык жардам алууда укугуңузду билгиңиз келсе анда «113» ыкчам байланыш номерине кайрылсаңыз болот.

**Бирдиктүү төлөө системасында иштеген Кыргыз Республикасынын саламаттык сактоо уюмдарында стационардык дарылануууда медициналык кызмат үчүн кошумча төлөө деңгээли**

| Кошумча төлөмдүн түрлөрү | | | Областык, райондук жана шаардык стационарлар | Республикалык стационарлар |
|---|---|---|---|---|
| Терапиялык профилдеги кошумча төлөм | Ооруканага жаткырууга жолдомо болгондо | Минималдуу деңгээл | 330 | 330 |
| | | Орточо деңгээл | 840 | 1160 |
| | | Максималдуу деңгээл | 8400 | 11170 |
| Хирургиялык профилдеги кошумча төлөм | Ооруканага жаткырууга жолдомо болгондо | Минималдуу деңгээл | 430 | 430 |
| | | Орточо деңгээл | 1090 | 1510 |
| | | Максималдуу деңгээл | 9170 | 14310 |

***Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун Ош аймактык башкармалыгы.***

**Жарыя**

## Жараксыз деп табылсын

Махамадазимов Хайитбой Абдурахманович-ке таандык болгон 27.02.2009-жылы берилген № OG 000083626 сандуу "В" категориясындагы айдоочулук күбөлүгү жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

# ӨТКӨН ЖЫЛГА САРЕСЕП, ЖАҢЫ ЖЫЛГА КААЛОО-ТИЛЕКТЕР

## Кубат Азимбаев, Ноокат аймактык ооруканасынын башкы директору.

Өтүп бараткан 2025-жыл биз үчүн эсте калаарлык эң жакшы жылдардын бири болду. Өлкөбүздө көптөгөн өзгөрүүлөр, жаңылануулар пайда болду. Элибиздин ден-соолугун сактоодо заманбап үлгүдөгү медициналык аппараттар менен толуктадык. Калкты медициналык жактан тейлөөдө Ноокат аймактык ооруканасынын медициналык кызматкерлери, "Медигос" жана "Барын" ҮБДБнун кызматкерлери, айыл аймактарындагы ФАПтын кызматкерлери элибиздин саламаттыгын сактоодо тынымсыз эмгектенип келе жатышат.

Биздин аймактык оорукананын медициналык жамааты, бейтаптарга кам көрүшүп, алардын айыгып кетишине көңүлдөрүн бурушат. Оорукананын ар бир бөлүмүндө оорулуулар үчүн бардык ыңгайлуу шарттар түзүлгөн. Ден-соолукту сактоо менен биргеликте, биздин кызматкерлер өздөрүнүн иштерине туура жана так мамиле жасашат.



Ноокат аймактык ооруканасынын медициналык жамааты мамлекетибизде болуп жаткан ар кандай иш-чараларга да активдүү катышышат. Айта кетсек, мамлекеттик жана коомдук ишмер Алай жергесинде болуп өткөн Алымбек Датканын 225 жылдыгында ооруkана жана Ноокат райондук үй-бүлөлүк дарыгерлер борбору тарабынан даярдалган кыргыз улуттук боз үйү 1-орунга татыктуу болду жана сыйлыкка ээ болдук.

Жаңы 2026-жылдын келишине дагы саналуу күндөр калды. Жалпы эле аймактык оорукананын жана айыл аймактарындагы ооруканаларда, ҮБДБнун , ҮБДТнун жана ФАПта эмгектенип жатышкан медициналык кызматкерлерди жаңы жыл майрамы менен куттуктаймын. Ар дайым элибиз үчүн талыкпастан эмгектенип, калкыбызга ден-солук тартуулап, дарылап, айыктырып, алкышка арзып жүрө бериңиздер. Сиздерге , бекем ден-соолук, узун өмүр, үй-бүлөлүк бакыт таалай, тынчтык, ынтымакчылык каалаймын. Жаңы жылыңыздар менен!

## Адыров Дайырбек Токсонбаевич, Алай райондук жалпы дарыгердик практика борборунун директору

Алай райондук жалпы дарыгердик практика борборунда өткөн жылы 8 986 137 сомдук эмеректер сатылып алынды. Бөлүмдөрдүн керебеттери, ашканасынын гарнитуралары, төшөк-шейшептери, кызматкерлердин стол-стул жана шкафтары баары жаңыланды.

Жалпы дарыгердик практика борборунда жетишпеген адистер менен камсыздоо максатында алыстан келген дарыгерлер үчүн курулган жатакана 7 713 414 сомго капиталдык ремонттон жасалып, ага 21 жаш дарыгер үй-бүлөсү менен жайгаштырылды.

2025-жылы материалдык техникалык базаны чыңдоо үчүн 17 418 741 сомдук медициналык жабдуулар алынды. Атап айтканда заманбап аппаратуралар ЭХО КГ, кычкылтек концентраторлор, хирургиялык жабдуулар, операция лампасы, электрокаугулятор сыяктуу мед жабдыктар алынды. Ошондой эле Япониянын Кыргызстандагы элчилигине долбоор жазылып жалпысынан 6 млн. сомдук медициналык жабдыктар алынды.

Кийинки жылы жалпы сметалык баасы 67 млн. сомду түзгөн административдик



эки кабаттуу имаратынын курулуш иштери улантылат башталды.

Мындан сырткары ЖДПБнын борбордук ооруканасын жаңы имаратын куруу үчүн 200 орундуу заманбап типтүү оорукананын сметалык долбоору даярдалып, буюрса 2026- жылы курулуш иштери башталуу алдында турат.

Алай райондук ЖДПБда 765 кызматкер эмгектенет, анын ичинен 94ү дарыгер, аларды чет өлкөлөргө да чыгарып окутуу боюнча долборлор жазылып 5 дарыгер Кытай, корея жана Москва шаарларында билимин өркүндөтүп келишти. Кызматкерлер үчүн атайын кийим (желеткалар) 810 400 сомго тигилип берилди. Алардын коопсуздугун эске алуу менен бардык бөлүмдөргө видео камералар орнотулуп, 24 саат бою видео байкоо жүргүзүлүүдө.

Ак халатчандардын максаты- оорунун алдын алуу жана ооруну айыктыруу эмеспи. Бул багыттан алганда Алай жалпы дарыгердик практика борбору райондо жашаган 74879 калкка колдон келген медициналык жардам көрсөтүп жатат.

Жаңы жыл алдында белгилүү обончу Токон Эшбаев агайыбыздын "Ак тилек" деген эң сонун ырындагы:

"Онтогон оорулуулар ушул жылы
Айыгышып арабызга аралашсын" деген саптар эске түшөт.

Ак халатчандардын гезиттин окурмандарына каалары - чың доолук. Ден соолук болсо, баары болот!

Жаңы жылыңыздар менен!

## Ульмасбек Кадыров Араван районунун Дөбө-Коргон айыл өкмөтүнүн башчысы

2025-жыл Дөбө-Коргон айыл аймагы үчүн жигердүү эмгек, туруктуу өнүгүү жана элдин турмуш сапатын жакшыртууга багытталган демилгелердин жылы болду. Айыл аймагындагы ар бир аткарылган иш жергиликтүү калктын муктаждыгынан жаралып, аны чечүүгө багытталды десек болот.

Жол инфраструктурасын жакшыртуу багытында олуттуу иштер аткарылды. Тактап айтканда, Лангар айылында 1 чакырым асфальт жол төшөлсө, Арап айылында 1 чакырым 300 метр асфальт жол салынган. Аталган жолдор айыл элинин күнүмдүк турмушун жеңилдетүү үчүн жасалган эмгек экени ырас.

Социалдык жана маданий инфраструктура да көңүл сыртында калган жок. Кайрагач-Арык айылындагы маданият үйүнүн жылытуу системасы толугу менен оңдолуп, натыйжада маданий очок кышкы мезгилде да үзгүлтүксүз иш алып барууга мүмкүнчүлүк алды.

Аймактагы билим берүү тармагында 2025-жыл өзгөчө маанилүү жыл болду. Анткени, интернационал айылындагы Эркe-Кашка орто мектеби республикалык бюджеттен титулга киргизилип, 225 орундуу заманбап мектептин курулуш иштери башталды. Жаңы-Абад айылындагы М.Назаров атындагы мектеп да респуб-



ликалык бюджеттин титулуна кирип, 150 орундуу мектептин долбоору даярдалып, курулуш иштери башталуу алдында турат. Тепе-Коргон айылындагы А.Саламов мектеби үчүн да 150 орундуу жаңы мектептин долбоору даярдалып жатат. Ал эми Жаңы-Жол айылындагы Бостон мектеби капиталдык оңдоо-түзөөдөн өткөрүлүп, тиешелүү долбоордук иштер аяктап, оңдоо иштери баштоонун алдында. Какыр-Пилтан айылында А.Темур атындагы мектепке кошумча 100 орундуу корпус куруу боюнча республикалык бюджеттен каражат бөлүнүп, курулуш иштери башталды.

Айыл чарба багытында да маанилүү долбоор ишке ашырылды. Дружба суу насосу аркылуу 1200 метр аралыкка суу түтүктөрү тартылып, эки линия жана эки насос орнотулду. Иштер аяктоо алдында турат. Бул дыйкандар үчүн сугат суусунун жеткиликтүүлүгүн арттырып, түшүмдүүлүктү көбөйтүүгө шарт түзөт.

Ошондой эле Өзгөчө кырдаалдар министрлиги тарабынан Араван-Сай дарыясынын Лангар жана Чертик айылдары аркылуу өткөн бөлүгүндө 530 метр аралыкта жээктерди бекемдөө иштери жүргүзүлүп, табигый кырсыктардын алдын алууга багытталган зарыл чаралар көрүлдү.

Дөбө-Коргон айыл өкмөтүнүн башчысы Ульмасбек Кадыров жыл жыйынтыгын чыгаруу менен жаңы жылдык куттуктоосунда мындай деди:

«2025-жыл айыл аймагыбыз үчүн жемиштүү, берекелүү жыл болду. Эл менен бирге иш алып барып, ар бир демилгени жыйынтыкка жеткирүүгө аракет кылдык. Келе жаткан жаңы жылда да Дөбө-Коргонду өнүктүрүү, элдин жашоо-шартын жакшыртуу башкы максатыбыз бойдон калат. Бардык жердештеримди жаңы жыл менен чын жүрөктөн куттуктайм! Ар бир үйгө тынчтык, ырыс-кут, биримдик каалайм».

## Элмурат ЭРКУЛОВ Өзгөн районундагы Жалил Токторбаев атындагы Куршаб жалпы дарыгерлик практикалык борборунун директору:



- Кадырлуу мекендештер! Жаңы жыл — жаңылануунун, үмүттүн жана алдыга умтулуунун белгиси. Келе жаткан Жаңы жылыбыз жалпыбызга кут болсун.

Жаңы жыл ар бирибизге үй-бүлөлүк ынтымак, чың ден соолук алып келсин. Ар бир үйдө балдардын шыңгыр күлкүсү жаңырып, улуулардын ак батасы ар убак коштоп жүрсүн.

Жаңы жыл жакшылыктардын башаты болуп, изги тилектер ишке ашсын. Асманыбыз ачык, эл-журтубуз тынч болсун.

## Абдиев Эрали Жумабаевич- Алай районундагы №4-Кадырмамат уулу Абдыразак атындагы мектеп интернатынын география сабагынын мугалими



Менин педагогика тармагында эмгектенгениме 31 жыл болуп, көптөгөн жаш муундарга терең билим, татыктуу тарбия берип келем. 2025-жыл мен үчүн өзгөчө жыл болуп калды. Анткени, үстүбүздөгү жылы Бишкек шаарында өткөн "Жылдын мыкты мугалими" республикалык сынакта жеңүүчүлөрдөн болуп таанылып, Кыргыз Республикасынын Президенти Садыр Жапаровдун "Жылдын мыкты географ мугалими" наамына жана 500 000 сомдук сыйлыгы берилди.

"Мугалим-коомдун сыймыгы жана күзгүсү" аттуу мугалимдер күнүнө арналган республикалык салтанаттуу жыйында мага Ардак грамота жана дипломдор тапшырылды. Бул сыйлык бир гана менин эмес, жалпы агартуу тармагында эмгектенип жаткан педагогдордун эмгегине мамлекет тарабынан берилген баа жана колдоо деп эсептейм.

Ыйык кесиптик ээлери болгон мугалимдерди алдыда келе жаткан жаңы 2026-жылы менен куттуктап, аларга түйшүктүү ишинде чыгармачылык ийгилик, бекем ден-соолук каалайм!